## 2-секция. Социалдык-гуманитардык илимдер, 2010-жылдын апрели: окуялар, фактылар

**УДК 94(575.2)**

***Асаналиева А.Ж.*** *- окутуучу,* ***Исаков Б.М.*** *- окутуучу*

# *И. Раззаков - XX - кылымдын чыгаан уулу.*

***Аннотация***

*Макалада кыргыздын улуу уулу, коомдук ишмер, эл үчүн чын дилинен камкордук көргөн, бирок аягында кайгылуу өмүр кечирген инсан И. Раззаков жөнүндө айтылат.*

XX кылымдын чыгаан инсаны, көрөгөч жетекчи - И. Раззаков жаш кезинде жетим калып, Ходженттеги жетим балдар үйүнө тапшырылат. Ал жер Исхактын жашоосундагы чоң өзгөрүүнүн башаты болгон. Исхак жетим балдар үйүндө тың окуп, орус тилин өздөштүрөт. Ал күндөр туурасында Исхак Раззаковдун мындай эскергени бар: «Менин жашоомдо жаңы, белгисиз дүйнө ачылды, мен ири кубанычтын даамын таттым». Жетим балдар үйүндөгү тарбиячылар Исхактын зээндүүлүгүн, билимге болгон ынтызарлыгын байкап, аны Ташкенттеги жатак мектепке жөнөтүшкөн, ал жерде И.Раззаков 1925-жылга чейин билим алган. Андан соң Исхак Самарканд шаарындагы Агартуу институтунда окуусун улантып, аны 1931-жылы аяктап, ошол окуу жайдын кафедрасында мугалим болуп иштейт. Институтта окуган мезгилде комсомолдук иш – чараларга активдүү катышкан жана комсомолдук турмуш анын лидерлик сапатын калыптандырат. Бош убактысында дүйнөлүк классиктер: А.Чеховдун, Л.Толстойдун ж.б. чыгармалары менен таанышып, алардын эмгектерин которууга бел байлаган. Көп өтпөй Москва шаарындагы Мамлекеттик пландоо институтуна жолдомо алат. 1936-жылы Исхак Раззаков «Күйүүчү ресурстарды рационалдуу пайдалануу жөнүндө» деген темада дипломдук ишин коргоп, өзүнүн чыныгы билимге ээ экендигин далилдеген. Москвадагы окуусун ийгиликтүү аяктап, Өзбекстанга жөнөтүлүп Республиканын Мамлекеттик пландоо комитетинин бир бөлүмүн жетектейт. Көп өтпөй Фергана областынын Мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасы, бир жылдан кийин Өзбек ССРнин Мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасынын орун басары, андан соң анын төрагасы болуп, республикалык масштабдагы кызматка которулат. И. Раззаков өзүнүн ишмердүүлүгүн, билимин, жөндөмүн көрсөтүп, республиканын экономикалык өсүшүнө чоң салым кошкон. Улуу Ата-Мекендик согуш жылдарында И.Раззаков Өзбек ССРнин Эл агартуу комиссары, Өзбек ССРнин Эл комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары кызматын да аткарган. 1944 - жылы Өзбекстандын К(б) П БКда пропаганда жана үгүт иштери боюнча катчы болуп иштеген. И.Раззаковду Өзбекстандагы он жылдык эмгеги коомдук жана мамлекеттик ишмер катары калыптандырган. Совет өкмөтү 1945 - жылы 4 - ноябрда КПСС БКнын Саясий бюросунун чечими менен И.Раззаковду Кыргызстандын Министрлер Советинин төрагалык кызматына жөнөткөн. И.Раззаков билимин, болгон күчүн, талантын республикабыздын экономикалык жактан өнүгүп-өсүшүнө жумшаган. Кыргыз ССРнин Министрлер Советинин иши И.Раззаковдун жөндөмдүүлүгүнүн жана уюштуруучулугунун аркасында илгерилеген. Ал иштеп турган мезгилде, М.В.Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын куруучу ири завод, текстиль, трикотаж, бут кийим фабрикалары ишке киргизилген. И.Раззаков 1950-жылы Кыргызстан К(б)ПБКнын 1-катчылыгына көтөрүлүп, 1961-жылга чейин республиканын партиялык уюмун жетектеген. Ал 1953 - жылы Союздагы эң оор тоолуу аймактагы Фрунзе - Ош автожолу курула баштаган. Айыл чарбасындагы ири ийгиликтери үчүн биздин республика биринчи 1956 - жылы жолу Ленин ордени менен сыйланган. Көрөгөч жетекчи - Исхак Раззаковдун Эл чарбасын,

маданият - искусствону көтөрүүдө жигердүү чоң иштерди аткаргандыгы тарых барактарында жазылып калган. Ал кыргыз элинин билимдүү-илимдүү болушун, адабият жана искусствонун өнүгүшүн эңсеп, көп иштерди жасаган. Анын ичинде И.Раззаков билим берүү тармагынын өнүгүшүнө дагы өбөлгө түзгөн. Мектептердин саны өсүп, орус тилдүү мектептерде кыргыз тили окутула баштаган. Жетекчинин демилгеси менен 1957-жылдан баштап республикадагы 80 миңге жакын окуучуга акысыз ыссык тамак берүү уюштурулган. Ал эми 1960-жылы республикада 8 жогорку окуу жайы жана 27 техникум иштеп, аларда окуган студенттердин саны 40 миңге жеткен. И.Раззаковдун түздөн-түз катышы менен 1954-жылы Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясы ачылып, Кыргызстандын жаш окумуштууларынын өсүшүнө шарт түзгөн. Кыргызстанда агартуучулук XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап калыптана баштаган. Буга көптөгөн факторлор негиз болгон. Алардын эң негизгиси болуп Кыргызстандын Россиянын курамына киришинин натыйжасында орус элинин алдыңкы экономикасынын жана агартуучулук ойлорунун жергиликтүү элдин аң-сезимине тийгизген таасири болуп эсептелет. Башкача айтканда, кыргыз агартуучулугу ириде Кыргызстандын падышалык Россияга кошулушунан келип чыккан саясий, социалдык-экономикалык, маданий абал менен тыгыз байланышта калыптана баштаган.

Белгилүү болгондой, XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында кыргыз коомунун саясий, социалдык-экономикалык абалы өтө төмөн деңгээлде болгон. Патриархалдык – феодалдык мамилелердин абсолюттуу үстөмдүгү өндүрүштүн өнүгүшүн үзгүлтүккө учураткан. Жергиликтүү элдин негизги катмары көчмөн жана жарым көчмөн турмушту баштарынан өткөрүшкөн. Чарбанын негизги тармагы болуп мал чарбачылыгы эсептелген. Дыйканчылык өтө жай өнүккөн. Ал эми өндүрүш мекемелери жокко эсе болгон. Жергиликтүү калк болгону үй тиричилигинин деңгээлинен ашпаган кол өнөрчүлүк гана жүргүзүшкөн, терини, жүндү иштетишип, күнүмдүк турмушуна пайдаланчу буюмдарды жасашкан, эт, сүт өндүрүшүп тамак-аштарын камсыз кылышкан. Өнөр жайдын дээрлик жоктугу, акча-товар мамилелеринин начар өнүккөндүгү жана жалпы эле маданий дүйнөдөн бөлүнүп калуунун кесепетинен кыргыз эли экономикалык жана маданий жактан өтө артта калган.

Ошого карабастан кыргыз элине да мындай кыйын кезеңдерди да артка таштай турган күн келди. Бирок бул күн оңой олтоң эле келе койгон жок. Ошол доордогу алдыңкы ой пикирдеги адамдар мындай кыйынчылыктан чыгуунун жолу сабатсыздыкты жоюу экендигин жакшы түшүнүшүп, бул иш-аракетти турмушка ашырууга көп аракеттенишкен. Бизге маалым болгондой Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгари – орто кылымдагы түрк элдеринин, анын ичиндеги кыргыз элинин агартуучулук ой-пикирлеринин келип чыгышында өзгөчө роль ойноогон чыгаан инсандар. Алар адабият жана тил илими тармагында эле таланттуу ишмерлер болбостон, өз мезгилинин белгилүү агартуучулары жана көрүнүктүү окумуштуулары да болгон.

Алсак Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» поэмасында билимге өзгөчө орун берилген. Ал «… рационализмдин, тагыраак айтканда Чыгыш перипатетиктеринин салтын улантуу менен, адам үчүн акыл-эстин ролун өтө жогору баалаган, акыл-эстин жашоодогу, адамдардын өз ара мамилелериндеги, асыресе адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруудагы, өнүктүрүүдөгү маанисин бөтөнчө белгилеген».

Кыргыз эли үчүн кыйын кезең байыркы жоокерчилик замандан тарта, кийинки доорлорго чейин болуп келди. Ал эми бүгүнкү глобализациянын жана дүйнөлүк түрдүү кризистер учурунда биз үчүн кезектеги сыноолор жаралууда. Мына ушундай сыноолордун бири падышачылык бийлик кулап, Советтик Туркестан түптөлүп, жаткан мезгилде болгон, жана ошол замандагы сыноолордо өлкөнүн, мамлекеттин түзүлүүсүндө кыргыз

интеллигенциясы Ю.Абдрахманов, И.Арабаев, А.Сыдыков, И.Айдарбеков, А.Орозбеков, И.Раззаков, Т.Айтматовдордун ролу эбегейсиз чоң. Кыргызстандын тарых барактарын андан ары карап көрсөк, эң алгачкы совет бийлигинин орносу Орто Азия элдеринин улуттук өз алдынчалыгына жетүүсү оңойго турбаптыр. Ошого карабастан XXкылымдын 20-30-жылдарында кыргыз элинде сабатсыздык бир кыйла деңгээлде жоюлуп, агартууну өнүктүрүү аракеттери жүргүзүлгөн. Мындай аракеттерди андан ары өнүктүрүүдө Исхак Раззаковдун да салымы чоң экендигин замандаштары өз эскерүүлөрүндө баса белгилешет. Замандашы К.Качкеев И.Раззаковдун өзгөчөлөнгөн башкаруу жөндөмдүүлүгүн: «И.Раззаков Кыргызстанда жогорку окуу жайлары менен илим изилдөө институттарынын жана кыргыздын улуттук илимдер академиясынын ачылышына түздөн түз салым кошту, иштиктүү аракет жасады. Ушуга байланыштуу мен төмөнкүлөргө токтолуп кетким келет. Фрунзе шаарында 1954-жылы декабрь айында Кыргыз ССРинин илимдер академиясы ачылды. Ошондой эле И.Раззаков кыргыз жаштарынын Москва шаарынан билим алышына да шарт түздү»-деп баса белгилеген.

Исхак Раззаковдой кыргыз элинин келечегин ойлогон эр азаматтарды эч качан өз эли эсинен чыгарбайт. Улуу инсандын жаркын элеси түбөлүк унутулбайт.

Кыргыз улутунун рухий көрөнгөсүн көтөрүп, байытуу үчүн ошол кездеги идеологиялык саясаттын шартында ээлеп турган кызмат ордуна карабастан «Манас» темасына кайрылып, улуу эпостун 1100 жылдыгын өткөрүү идеясын көтөрүп чыккан. Исхак Раззаков 1952-жылы казак элинин улуу жазуучусу Мухтар Ауэзов менен бирге «Манастын» 1100 жылдыгын белгилөөгө карата эпосту изилдөөгө арналган Бүткүл союздук илимий конференциянын уюштурулушунун башында турган. Кыргыз улутунун келечегине кам көргөн сезимтал, чыныгы патриот уулу өз улутунун өткөнүнө кайдыгер карабастан, кыргыз тарыхы да көңүлүнүн борборунда болуп, 1956-жылы ири окумуштуулар катышкан кыргыз элинин этногенези жөнүндө илимий конференцияны уюштурган. И.Раззаковдун тушунда маданият тармагында да көптөгөн өсүштөр болгон. Мисалы: 1958 - жылы октябрь айында Москва шаарында кыргыз маданий ишмерлеринин декадасы болуп, Совет эли кыргыз элинин ири маданияты менен таанышкан. И.Раззаковдун элине болгон сүйүүсү, эли үчүн өзгөчөлөнгөн ишмердүүлүгү Москвадагы тоталитардык башкаруу бийлигинин сазына баткан жетекчилерге жаккан эмес. Далили жок фактыларга таянып, куру шылтоолорду айтып, 1961-жылы 9-майда И.Раззаковду кызматынан бошотушкан. Ошол жылы үй-бүлөсү менен Москвага көчүрүлгөн. Коомдук ишмер 1965-жылга чейин СССРдин экономикалык кеңешинин тамак-аш бөлүмүнүн башчысы, 1965–1967-жылдары СССРдин Мамлекеттик планынын бөлүм башчысы болуп иштеп, 57 жаш курагында ден-соолугуна байланыштуу персоналдык маанидеги пенсияга чыккан. Москвада жашаган 18 жыл ичинде Кыргызстанга бир жолу келип кеткен. Эки Ленин ордени, 1-даражадагы Ата Мекендик Согуш ордендери жана медалдар менен сыйланган. Кыргыз элинин чыгаан уулу 1979-жылы дүйнөдөн кайтып, сөөгү Москвадагы Кунцево мүрзөсүнө коюлган. Коомчулук И.Раззаковдун сөөгүн 2000-жылы Кыргызстанга алып келип Ала - Арча көрүстөнүнө койду. Ал өз улутун сүйгөн, эли үчүн күйгөн, мекенчилдиги үчүн запкы тарткан. Анын адамдык бийик сапаттары, жетекчилик даанышмандыгы, кыргыз улутунун кызыкчылыгын көздөгөн атуулдук улуу иштери муундан-муунга өрнөк жана сыймык болуп кала бермекчи.

***Адабияттар***

1. Улуу инсан (Эскерүүлөр) Бишкек «Учкун» 1996 24-бет
2. История Киргизской ССР. Том 1. Фрунзе, 1984.